Шаар тибиндеги поселокторго айыл статусун берүү Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 19-августундагы №467 "Кыргыз Республикасынын административдик-аймактык түзүлүшүнүн маселелерин кароонун тартиби жөнүндө" Жобосунда көрсөтүлгөн тартипте жүргүзүлөт. Жобого ылайык төмөндөгү документтер даярдалыш керек:

- аймактагы айылдын жашоочуларынын тиешелүү маселени караган жыйындын протоколу жана каралган маселе боюнча жергиликтүү жамааттын кабыл алган чечими.

- жергиликтүү кеңештин сессиясынын жергиликтүү жамаат кабыл алган чечимди бекитүү жөнүндө токтому.

-Кыргыз Республикасынын айыл чарба жана мелиорация министрлигине караштуу Кыргыз мамлекеттик жерге жайгаштыруу боюнча долбоорлоо "Кыргызмамжердолбоор" институту тарабынан иштелип чыккан жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү жана аткаруучу органдарынын жетекчилери, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик каттоо кызматынын аймактык бөлүгүнүн өкүлү кол койгон схемалык картанын долбоору.

Жогоруда саналган документтер райондук мамлекеттик администрацияда каралып, жактырылган учурда бул маселе боюнча райондук мамлекеттик администрациясынын чечими менен бекитилген документтер бардык материалдар менен чогуу Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн облустагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн кароосуна киргизилип чечими чыгарылат.

Документтердин пакети жактырылса облустагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн чечими менен бекитилип, документердин түпкү нускалары Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттикке жиберилет.

Бардык тиешелүү документтер даяр болгондон кийин шаар тибиндеги поселокторго "айыл" статусун берүү маселеси, мамлекеттик агенттик тарабынан Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы административдик-аймактык түзүлүштүн маселелерин жана географиялык аталыштарын кароо боюнча ведомстволор аралык комиссиянын кароосуна киргизилет.

Жогоруда айтылгандардын негизинде 2017-жылдын 31-мартына чейин Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 19-августундагы № 467 токтому менен бекиген Жобонун негизинде тиешелүү документтерди даярдап Агенттиктин дарегине жиберишиңиздер керек экендигин маалымдайт.

Директордун орун басары М.Г. Халитов

Атк: К. Калдаралиев
0312 66 25 76